САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтомунун долбооруна

Колдонуудагы редакция	Сунушталган редакция
Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу ~~Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:~~ ~~Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө тиркелген жобо бекитилсин.~~ ~~2. Кыргыз Республикасынын аймагында иш жүргүзгөн министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, бардык жеке жана юридикалык жактар өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүүдө жана эсепке алууда ушул жобону жетекчиликке алышсын.~~ ~~3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:~~ ~~- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 15-декабрындагы № 539 «Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;~~ ~~- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 10-августундагы № 527 «Социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар менен камсыз кылууга, өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүүгө жана эсепке алууга тиешелүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 2-пункту.~~ ~~4. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.~~	**Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу** Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө тиркелген Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин. 2. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери, административдик ведомстволору, башка мамлекеттик органдары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында иш жүргүзгөн жеке жана юридикалык жактар ушул Жобону жетекчиликке алышсын. 3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын: 1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы № 64 «Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө» токтому; 2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы № 64 «Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 5-июнундагы № 304 токтому. 4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

1-тиркеме **Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү жана эсепке алуу жөнүндө ЖОБО**	1-тиркеме **Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүүнүн жана эсепке алуунун тартиби жөнүндө ЖОБО**
1. Ушул Жобо менчигинин уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан уюмдар, ошондой эле юридикалык жакты түзбөстөн ишкердик ишти жүзөгө ашыруучу жана жалданма эмгекти пайдалануучу адамдар (мындан ары – иш берүүчүлөр) үчүн милдеттүү болгон өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүүнүн жана эсепке алуунун тартибин белгилейт.	1. Ушул Жобо менчигинин түрүнө жана уюштуруу-укуктук формасына карабастан уюмдар үчүн, ошондой эле юридикалык жакты түзбөстөн ишкердик ишти жүзөгө ашырган жана жалданма эмгекти пайдаланган адамдар үчүн (мындан ары – **иш берүүчүлөр**) милдеттүү болуп саналган өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүүнүн жана эсепке алуунун тартибин белгилейт.
2. Ушул Жобого ылайык, өндүрүштө кызматкерлер жана башка адамдар (мындан ары – кызматкерлер) тарабынан эмгек милдеттерин аткаруу же **иш берүүчүнүн** тапшырмасы боюнча жумуштарды аткаруу учурунда келип чыккан кырсыктар териштирилүүгө жана эсепке алынууга тийиш. Аларга төмөнкүлөр кирет: - эмгек келишими (контракт) боюнча иш аткарган кызматкерлер; - жарандык-укуктук келишим боюнча иш аткарган жарандар; - жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттери, орто, башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын жана негизги жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары, уюмдарда өндүрүштүк практикадан өтүп жаткандар; - эркиндигинен ажыратууга соттолгон жана уюмдардын администрациясы тарабынан эмгекке тартылган адамдар; - аскердик кызмат өтөөгө байланышпаган иштерди аткаруу үчүн жалдоочуга жөнөтүлгөн аскер кызматчылары; - Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан биргелешкен жана чет өлкөлүк уюмдарда иштеген Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар,	2 Ушул Жобого ылайык, өндүрүштө кызматкерлер жана башка адамдар (мындан ары – кызматкерлер) тарабынан эмгек милдеттерин аткаруу же **иш берүүчүнүн** тапшырмасы боюнча жумуштарды аткаруу учурунда келип чыккан кырсыктар териштирилүүгө жана эсепке алынууга тийиш.Аларга төмөнкүлөр кирет: - эмгек келишими (контракт) боюнча иш аткарган кызматкерлер; - жарандык-укуктук келишим боюнча иш аткарган жарандар; - жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттери, орто, башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын жана негизги жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары, уюмдарда өндүрүштүк практикадан өтүп жаткандар; - эркиндигинен ажыратууга соттолгон жана уюмдардын администрациясы тарабынан эмгекке тартылган адамдар; - аскердик кызмат өтөөгө байланышпаган иштерди аткаруу үчүн жалдоочуга жөнөтүлгөн аскер кызматчылары; - Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан биргелешкен жана чет өлкөлүк уюмдарда иштеген Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде башкача каралбаса;

эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде башкача каралбаса; - уюмдун же жеке ишкердин өндүрүштүк ишине катышкан башка адамдар.	- уюмдун же жеке ишкердин өндүрүштүк ишине катышкан башка адамдар.
3. Өндүрүштө болгон жана териштирилүүгө жана эсепке алынууга тийиш болгон төмөнкүдөй кырсыктар (жаракат алуу, анын ичинде башка адамдын денесине залал келтирүүсүнүн натыйжасында алынган жаракат; курч ууланууу; ысык уруу; күйүк алуу; үшүк алуу; сууга чөгүү; электр тогунан, чагылгандан, нурлануудан жабыркоо; курт-кумурскалардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн чагуусу; жаныбарлар тарабынан денеге залал келтирилиши; жарылуулардын, авариялардын, имараттардын, курулмалардын жана конструкциялардын кыйрашынын, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында алынган жаракаттар), эгерде алар кызматкерди башка ишке которуу зарылдыгына, эмгекке жөндөмдүүлүгүн убактылуу же туруктуу жоготууга же анын өлүмүнө алып келсе жана төмөнкү учурларда орун алса, териштирилүүгө жана эсепке алынууга тийиш: а) эмгек милдеттерин аткарууда (анын ичинде кызматтык иш сапарда жүргөн учурда), ошондой эле ~~жалдоочунун~~ тапшырмасы болбосо да, ишкананын кызыкчылыгы үчүн кандайдыр бир аракеттерди жасоодо; б) кызматтык иш сапардын жерине барууда жана андан кайтып келүүдө; в~~) жалдоочу~~ тарабынан берилген транспортто жумушка бара жатканда же жумуштан кайтып келе жатканда; г) иш убактысынын ичинде ишкананын аймагында же анын аймагынан тышкары жерде (белгиленген тыныгууларды кошо алганда), ошондой эле жумуш башталганга чейин же жумуш аяктагандан кийин өндүрүш каражаттарын, кийимдерди ж.б. иретке келтирүү үчүн зарыл болгон убакытта, ошондой эле ашыкча иштөө, дем алыш жана майрам күндөрү иш аткарууда;	3. Өндүрүштө болгон жана териштирилүүгө жана эсепке алынууга тийиш болгон төмөнкүдөй кырсыктар (жаракат алуу, анын ичинде башка адамдын денесине залал келтирүүсүнүн натыйжасында алынган жаракат; курч ууланууу; ысык уруу; күйүк алуу; үшүк алуу; сууга чөгүү; электр тогунан, чагылгандан, нурлануудан жабыркоо; курт-кумурскалардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн чагуусу; жаныбарлар тарабынан денеге залал келтирилиши; жарылуулардын, авариялардын, имараттардын, курулмалардын жана конструкциялардын кыйрашынын, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында алынган жаракаттар), эгерде алар кызматкерди башка ишке которуу зарылдыгына, эмгекке жөндөмдүүлүгүн убактылуу же туруктуу жоготууга же анын өлүмүнө алып келсе жана төмөнкү учурларда орун алса, териштирилүүгө жана эсепке алынууга тийиш: а) эмгек милдеттерин аткарууда (анын ичинде кызматтык иш сапарда жүргөн учурда), ошондой эле **иш берүүчүнүн** тапшырмасы болбосо да, ишкананын кызыкчылыгы үчүн кандайдыр бир аракеттерди жасоодо; б) кызматтык иш сапардын жерине барууда жана андан кайтып келүүдө; в) **иш берүүчү** тарабынан берилген транспортто жумушка бара жатканда же жумуштан кайтып келе жатканда; г) иш убактысынын ичинде ишкананын аймагында же анын аймагынан тышкары жерде (белгиленген тыныгууларды кошо алганда), ошондой эле жумуш башталганга чейин же жумуш аяктагандан кийин өндүрүш каражаттарын, кийимдерди ж.б. иретке келтирүү үчүн зарыл болгон убакытта, ошондой эле ашыкча иштөө, дем алыш жана майрам күндөрү иш аткарууда;

д) кызматкер табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын (кырсыктардын, авариялардын ж.б.) кесепеттерин жоюуга жана мамлекеттик же коомдук милдеттерди аткарууга байланышкан башка иштерге белгиленген тартипте жөнөтүлгөндө же тартылганда; е) сменалар аралык эс алуу учурунда транспорт каражатында алмаштыруучу катары бара жатканда (автотранспорт каражатындагы айдоочу-алмаштыруучу, поезддеги рефрижератордук секциянын коштоочусу же механиги ж.б.), вахталык ыкма менен иштөөдө сменалар аралык эс алуу учурунда, ошондой эле кемеде вахтадан жана кемедеги жумуштардан бош убакта жүргөндө; ж) ишмердүүлүгү тейлөө объекттеринин ортосунда жүрүп-турууга байланыштуу болгон кызматкер менен бирге жүрүп бара жатканда, ошондой эле ~~жалдоочунун~~ тапшырмасы боюнча жумуш ордуна бара жатканда, иш убактысынын ичинде; з) ~~жалдоочунун~~ жеке транспорт каражатын өндүрүштүк максаттарда пайдаланууга жазуу жүзүндөгү же оозеки уруксаты болгон учурда же анын тапшырмасы боюнча иш убактысынын ичинде транспорт каражатынын түрүнө карабастан (суу транспорту, жүк ташуучу транспорт, унаа жана башка транспорт каражаттары) жеке транспорт каражатында жүргөндө.	д) кызматкер табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын (кырсыктардын, авариялардын ж.б.) кесепеттерин жоюуга жана мамлекеттик же коомдук милдеттерди аткарууга байланышкан башка иштерге белгиленген тартипте жөнөтүлгөндө же тартылганда; е) сменалар аралык эс алуу учурунда транспорт каражатында алмаштыруучу катары бара жатканда (автотранспорт каражатындагы айдоочу-алмаштыруучу, поезддеги рефрижератордук секциянын коштоочусу же механиги ж.б.), вахталык ыкма менен иштөөдө сменалар аралык эс алуу учурунда, ошондой эле кемеде вахтадан жана кемедеги жумуштардан бош убакта жүргөндө; ж) ишмердүүлүгү тейлөө объекттеринин ортосунда жүрүп-турууга байланыштуу болгон кызматкер менен бирге жүрүп бара жатканда, ошондой эле **иш берүүчүнүн** тапшырмасы боюнча жумуш ордуна бара жатканда, иш убактысынын ичинде; з) **иш берүүчүнүн** жеке транспорт каражатын өндүрүштүк максаттарда пайдаланууга жазуу жүзүндөгү же оозеки уруксаты болгон учурда же анын тапшырмасы боюнча иш убактысынын ичинде транспорт каражатынын түрүнө карабастан (суу транспорту, жүк ташуучу транспорт, унаа жана башка транспорт каражаттары) жеке транспорт каражатында жүргөндө.

4. Кырсык төмөнкү учурларда териштирилүүгө тийиш, бирок комиссиянын чечими боюнча өндүрүшкө байланышпаган кырсык деп таанылышы мүмкүн: а) эгерде ал жабырлануучунун укук коргоо органдарынын корутундусуна ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине алып келүүчү жосундун белгилерин камтыган укукка каршы аракетти атайылап жасоосунун натыйжасында келип чыкса; б) эгерде анын келип чыгышынын бирден-бир себеби жабырлануучунун алкоголдук, баңгизаттык, уулуу жана башка ушул сыяктуу заттарды пайдаланууcу; уюмга таандык транспорт каражаттарын, жабдууларды, механизмдерди, шаймандарды жеке максаттарда өз алдынча уруксатсыз пайдаланууcу же ~~жалдоочунун~~ уруксатысыз жеке максаттарда кандайдыр бир буюмдарды жасоосу; материалдык баалуулуктарды уурдоосу болсо. Өндүрүшкө байланышпаган кырсык өндүрүштүк жаракаттануу боюнча статистикалык отчеттуулукта өзүнчө сап менен эсепке алынат.	4. Кырсык төмөнкү учурларда териштирилүүгө тийиш, бирок комиссиянын чечими боюнча өндүрүшкө байланышпаган кырсык деп таанылышы мүмкүн: а) эгерде ал жабырлануучунун укук коргоо органдарынын корутундусуна ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине алып келүүчү жосундун белгилерин камтыган укукка каршы аракетти атайылап жасоосунун натыйжасында келип чыкса; б) эгерде анын келип чыгышынын бирден-бир себеби жабырлануучунун алкоголдук, баңгизаттык, уулуу жана башка ушул сыяктуу заттарды пайдаланууcу; уюмга таандык транспорт каражаттарын, жабдууларды, механизмдерди, шаймандарды жеке максаттарда өз алдынча уруксатсыз пайдаланууcу же **иш берүүчүнүн** уруксатысыз жеке максаттарда кандайдыр бир буюмдарды жасоосу; материалдык баалуулуктарды уурдоосу болсо. Өндүрүшкө байланышпаган кырсык өндүрүштүк жаракаттануу боюнча статистикалык отчеттуулукта өзүнчө сап менен эсепке алынат.
7. Өндүрүштө ар бир кырсык болгон учурда жабырлануучу же кырсыктын күбөсү бул тууралуу иштердин түздөн-түз жетекчисине билдирет, ал төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү: - жабырлануучуга токтоосуз биринчи жардам көрсөтүүнү уюштурууга, зарыл болгон учурда аны саламаттык сактоо уюмуна жеткирүүгө; - болгон кырсык жөнүндө ~~жалдоочуга~~ же ыйгарым укуктуу жакка билдирүүгө; - кырсыкты иликтөө башталганга чейин жумуш ордундагы кырдаалды жана жабдуулардын абалын кырсык болгон учурдагыдай сактоого (эгерде бул айланасындагы кызматкерлердин өмүрүнө жана	7. Өндүрүштө ар бир кырсык болгон учурда жабырлануучу же кырсыктын күбөсү бул тууралуу иштердин түздөн-түз жетекчисине билдирет, ал төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү: - жабырлануучуга токтоосуз биринчи жардам көрсөтүүнү уюштурууга, зарыл болгон учурда аны саламаттык сактоо уюмуна жеткирүүгө; - болгон кырсык жөнүндө **иш берүүчүгө** же ыйгарым укуктуу жакка билдирүүгө; - кырсыкты иликтөө башталганга чейин жумуш ордундагы кырдаалды жана жабдуулардын абалын кырсык болгон учурдагыдай сактоого (эгерде бул айланасындагы кызматкерлердин өмүрүнө жана

ден соолугуна коркунуч келтирбесе жана аварияга алып келбесе). Кырдаалды сактоо мүмкүн болбогон учурда түзүлгөн кырдаалды (схемалар, фотосүрөттөр, кароо протоколдору ж.б.) каттоого алууга.	ден соолугуна коркунуч келтирбесе жана аварияга алып келбесе). Кырдаалды сактоо мүмкүн болбогон учурда түзүлгөн кырдаалды (схемалар, фотосүрөттөр, кароо протоколдору ж.б.) каттоого алууга.
8. Жаракаттын оордук даражасы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген схемага ылайык (1-тиркеме) келтирилген зыяндын мүнөзүнө жараша аныкталат. Жаракаттын оордук даражасы жөнүндө корутунду дарылоо мекемеси тарабынан ~~жалдоочунун~~ же мамлекеттик көзөмөл органдарынын суроо-талабы боюнча токтоосуз берилет (2-тиркеме).	8.Жаракаттын оордук даражасы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген схемага ылайык (1-тиркеме) келтирилген зыяндын мүнөзүнө жараша аныкталат. Жаракаттын оордук даражасы жөнүндө корутунду дарылоо мекемеси тарабынан **иш берүүчүнүн** же мамлекеттик көзөмөл органдарынын суроо-талабы боюнча токтоосуз берилет (2-тиркеме).
9.Кызматкердин эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготууга же медициналык корутундунун негизинде аны бир күндөн кем эмес мөөнөткө башка жумушка которуу зарылдыгына алып келген, же болбосо анын өлүмүнө себеп болгон өндүрүштөгү кырсык териштирүү аяктагандан кийин Н-1 формасындагы акт (3-тиркеме) менен эки нускада ~~кыргыз же орус тилинде~~ таризделет.	Кызматкердин эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготууга же медициналык корутундунун негизинде аны бир күндөн кем эмес мөөнөткө башка жумушка которуу зарылдыгына алып келген, же болбосо анын өлүмүнө себеп болгон өндүрүштөгү кырсык териштирүү аяктагандан кийин Н-1 формасындагы акт (3-тиркеме) менен эки нускада **кыргыз же орус тилинде** таризделет.
10. Н-1 формасындагы актыда өндүрүштөгү кырсыктын жагдайлары жана себептери толук баяндалууга, ошондой эле эмгекти коргоо боюнча талаптарды бузууга жол берген адамдар көрсөтүлүүгө тийиш. ~~Н-1 формасындагы акт комиссиянын мүчөлөрү тарабынан кол коюлат, жалдоочу тарабынан бекитилет жана мөөр менен күбөлөндүрүлөт. Жалдоочу териштирүү аяктагандан кийин 3 күндөн кечиктирбестен көрсөтүлгөн актынын бир нускасын жабырлануучуга же каза болгон адамдын туугандарына, же болбосо алардын ишенимдүү өкүлүнө кол койдуруу менен берүүгө милдеттүү.~~ Актынын экинчи нускасы териштирүүнүн материалдары менен бирге өндүрүштөгү кырсык болгон учурда жабырлануучунун негизги (айкалыштырып иштөөдөн тышкары) иштеген (кызмат өтөгөн,	10. Өндүрүштөгү кырсыктын келип чыгуу жагдайлары жана себептери Н-1 формасындагы **актыда атайын иликтөөнүн актысына же корутундусуна ылайык** кеңири баяндалууга, ошондой эле эмгекти коргоо талаптарын бузууга жол берген адамдар көрсөтүлүүгө тийиш. **Н-1 формасындагы акт түзүлөт, ага кол коюлат, иш берүүчү тарабынан бекитилет жана мөөр менен күбөлөндүрүлөт. Иш берүүчү иликтөө аяктагандан кийин 3 күндөн кечиктирбестен көрсөтүлгөн актынын бир нускасын жабырлануучуга же каза болгон адамдын туугандарына, болбосо алардын ишенимдүү өкүлүнө кол койдуруп берүүгө милдеттүү.** Актынын экинчи нускасы териштирүүнүн материалдары менен бирге өндүрүштөгү кырсык болгон учурда жабырлануучунун негизги (айкалыштырып иштөөдөн тышкары) иштеген (кызмат

окуган, жазасын өтөп жаткан) жери боюнча уюмда 50 жыл бою сакталат.	өтөгөн, окуган, жазасын өтөп жаткан) жери боюнча уюмда 50 жыл бою сакталат.
12. Өндүрүштөгү кырсыкты териштирүү үчүн ~~жалдоочу~~ буйрук менен кеминде 3 адамдан турган комиссия түзөт. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр киргизилет: - эмгекти коргоо боюнча адис (же бул милдеттерди аткаруучу адам), ал келишимдик негизде тартылышы мүмкүн; - ~~жалдоочунун~~, кесиптик бирлик органынын же уюмдун кызматкерлеринин башка өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү; - жабырлануучунун ишенимдүү адамы (анын талабы боюнча). Өндүрүштөгү кырсык болгон түзүмдүк бөлүмдө эмгек коопсуздугу үчүн түздөн-түз жооптуу жетекчи комиссиянын курамына киргизилбейт. Комиссияны ~~жалдоочу~~ же ал ыйгарым укук берген адам жетектейт.	12. Өндүрүштөгү кырсыкты териштирүү үчүн **иш берүүчү** буйрук менен кеминде 3 адамдан турган комиссия түзөт. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр киргизилет: - эмгекти коргоо боюнча адис (же бул милдеттерди аткаруучу адам), ал келишимдик негизде тартылышы мүмкүн; - **иш берүүчүнүн,** кесиптик бирлик органынын же уюмдун кызматкерлеринин башка өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү; - жабырлануучунун ишенимдүү адамы (анын талабы боюнча). Өндүрүштөгү кырсык болгон түзүмдүк бөлүмдө эмгек коопсуздугу үчүн түздөн-түз жооптуу жетекчи комиссиянын курамына киргизилбейт. Комиссияны **иш берүүчү** же ал ыйгарым укук берген адам жетектейт.
15.Өндүрүштөгү кырсыктарды туура жана өз убагында иликтөө жана эсепке алуу, Н-1 формасындагы актыларды түзүү, актыларда көрсөтүлгөн иш-чараларды аткаруу үчүн жоопкерчилик ~~жалдоочуга~~ жүктөлөт.	15. Өндүрүштөгү кырсыктарды туура жана өз убагында иликтөө жана эсепке алуу, Н-1 формасындагы актыларды түзүү, актыларда көрсөтүлгөн иш-чараларды аткаруу үчүн жоопкерчилик **иш берүүчүгө** жүктөлөт.
20. Өндүрүштө топтук, оор жана өлүмгө алып келген кырсык жөнүндө ~~жалдоочу~~ же ал тарабынан ыйгарым укук берилген адам телефон (факс) же телеграф аркылуу (5-тиркемеге ылайык формада) төмөнкүлөргө токтоосуз билдирүүгө милдеттүү: - Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга; - кырсык болгон жердеги прокуратурага; - эгерде кырсык ошол органдын көзөмөлүндөгү уюмда (объектте) болсо, мамлекеттик көзөмөлдүн аймактык органына;	20. Өндүрүштө топтук, оор жана өлүмгө алып келген кырсык жөнүндө **иш берүүчү** же ал тарабынан ыйгарым укук берилген адам телефон (факс) же телеграф аркылуу (5-тиркемеге ылайык формада) төмөнкүлөргө токтоосуз билдирүүгө милдеттүү: - Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын **көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга**; - кырсык болгон жердеги прокуратурага; - эгерде кырсык ошол органдын көзөмөлүндөгү уюмда (объектте) болсо, мамлекеттик көзөмөлдүн аймактык органына;

- уюм үчүн жогору турган органга; - кесиптик бирликтердин ~~аймактык~~ бирикмесине; - кырсыкка учураган кызматкерди жөнөткөн уюмга.	- уюм үчүн жогору турган органга; - кесиптик бирликтердин **тармактык** бирикмесине; - кырсыкка учураган кызматкерди жөнөткөн уюмга.
23. Топтук кырсыкты, өлүмгө же оор кесепеттерге алып келген өндүрүштөгү кырсыкты атайын иликтөө комиссия тарабынан 15 күндүн ичинде төмөнкү курамда жүргүзүлөт: - комиссиянын төрагасы – мамлекеттик эмгек инспектору; - кесиптик бирликтердин техникалык эмгек инспектору; - ~~уюмдун эмгекти коргоо боюнча адиси же эмгекти коргоо боюнча ишти уюштурууга жооптуу болуп, буйрук менен дайындалган адам;~~ - уюмдун эмгекти коргоо боюнча адиси же иш берүүчүнүн буйругу менен эмгекти коргоо боюнча ишти уюштурууга жооптуу ~~жалдоочу~~ болуп дайындалган адам; - уюмдун кесиптик бирлигинин же кызматкерлердин башка өкүлчүлүктүү органынын өкүлү. ~~Жабырлануучунун талабы боюнча (жабырлануучу каза болгон учурда анын тууганларынын талабы боюнча) атайын иликтөөгө анын ишенимдүү адамы катышууга укуктуу. Эгерде ишенимдүү адамы иликтөөгө катышпаган болсо, ишенимдүү адамдын талабы боюнча иш берүүчү же комиссиянын төрагасы аны иликтөөнүн материалдары менен тааныштырууга милдеттүү.~~ ~~Белгиленген ченемдерден ашкан курч ууланууже радиациялык таасир алган учурда комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органынын өкүлү да киргизилет.~~	23. Топтук кырсык, өлүмгө алып келген же оор кесепеттерге алып келген өндүрүштүк кырсык атайын иликтөө үчүн 15 **жумушчу** күндүн ичинде төмөнкү курамдагы комиссия тарабынан иликтенет: комиссиянын төрагасы – эмгек боюнча мамлекеттик инспектор; кесиптик бирликтердин эмгекти техникалык инспектору; уюмдун эмгекти коргоо боюнча адиси же **иш берүүчүнүн** буйругу менен эмгекти коргоо боюнча ишти уюштурууга жооптуу болуп дайындалган адам; уюмдун кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин же башка өкүлчүлүктүү органынын өкүлү. Атайын иликтөө боюнча комиссияны түзүү жөнүндө буйрукту Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган чыгарат. **Комиссия төмөнкүлөргө милдеттүү:** - **кырсыктын жагдайларын жана себептерин иликтөөгө;** - **кырсыктын күбөлөрүн жана ага тиешеси бар башка адамдарды аныктоого жана суракка алууга;** - **эмгек жана эмгекти коргоо боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузууга жол берген адамдарды аныктоого;** - **кырсыктын себептерин жоюу боюнча чараларды көрсөтүүгө;**

Жабырлануучунун талабы боюнча (жабырлануучу каза болгон учурда анын туугандарынын талабы боюнча) атайын иликтөөгө анын ишенимдүү адамы катышууга укуктуу. Эгерде ишенимдүү адамы иликтөөгө катышпаган болсо, ишенимдүү адамдын талабы боюнча ~~жалдоочу~~ же комиссиянын төрагасы аны иликтөөнүн материалдары менен тааныштырууга милдеттүү. Белгиленген ченемдерден ашкан курч уулануу же радиациялык таасир алган учурда комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органынын өкүлү да киргизилет.	- **жабырлануучунун күнөөсүнүн даражасын (пайыз менен) аныктоого;** - **кырсыкты квалификациялоого;** - **Н-1 формасындагы актыны түзүүгө;** - **өндүрүштөгү кырсыкты объективдүү иликтөө максатында башка иш-чараларды жана аракеттерди жүзөгө ашырууга.** Жабырлануучунун талабы боюнча (жабырлануучу каза болгон учурда анын туугандарынын талабы боюнча) атайын иликтөөгө анын ишенимдүү адамы катышууга укуктуу. Эгерде ишенимдүү адамы иликтөөгө катышпаган болсо, ишенимдүү адамдын талабы боюнча **иш берүүчү** же комиссиянын төрагасы аны иликтөөнүн материалдары менен тааныштырууга милдеттүү. Белгиленген ченемдерден ашкан курч уулануу же радиациялык таасир алган учурда комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органынын өкүлү да киргизилет.
24. ~~Мамлекеттик көзөмөл органдарынын карамагындагы уюмдарда (объекттерде) орун алган кырсыкты атайын иликтоодо комиссиянын курамына ушул комиссиянын төрагасы болуп саналган мамлекеттик көзөмөл органынын өкүлү киргизилет.~~	24. **Мамлекеттик көзөмөл органдарынын карамагындагы уюмдарда (объекттерде) орун алган кырсыкты атайын иликтөөдө комиссиянын курамына ушул комиссиянын төрагасы болуп саналган мамлекеттик көзөмөл органынын өкүлү киргизилет.**
26. Ушул Жобонун 16-пунктунда каралган кырсык учурун териштирүүдө комиссиянын курамына жабырлануучуну башка уюмда иштерди аткаруу үчүн жөнөткөн же тарткан уюмдун өкүлү да киргизилет.	26. Ушул Жобонун 16-пунктунда каралган кырсык учурун териштирүүдө комиссиянын курамына жабырлануучуну башка уюмда иштерди аткаруу үчүн жөнөткөн же тарткан уюмдун өкүлү да киргизилет.
28. Адам өлүмүнө алып келген 7 жана андан ашык адам жабыркаган ири авариялар болгон учурда атайын териштирүү Кыргыз Республикасынын ~~Өкмөтү тарабынан дайындалуучу комиссия~~ тарабынан жүргүзүлөт.	28. Адам өлүмүнө алып келген 7 жана андан ашык адам жабыркаган ири авариялар болгон учурда атайын териштирүү Кыргыз Республикасынын **Министрлер Кабинети тарабынан дайындалуучу** комиссия тарабынан жүргүзүлөт.
29. Атайын териштирүү жүргүзүүдө ~~комиссиянын талабы боюнча жалдоочу~~ өз каражаттарынын эсебинен төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:	29. Атайын териштирүү жүргүзүүдө комиссиянын талабы боюнча **иш берүүчү** өз каражаттарынын эсебинен төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

- техникалык эсептөөлөрдүн, лабораториялык изилдөөлөрдүн, сыноолордун жана башка эксперттик иштердин жүргүзүлүшүн, ошондой эле ушул максаттарда эксперт адистердин тартылышын; - окуя болгон жерди жана жабыркаган объекттерди фотосүрөткө тартууну (видеого жаздырууну), окуя болгон жердин пландарын, эскиздерин жана схемаларын түзүүнү; - териштирүү жүргүзүү үчүн зарыл болгон транспортту, кызматтык жайды, байланыш каражаттарын, ошондой эле атайын кийимдерди жана жеке коргонуу каражаттарын берүүнү; - атайын териштирүүнүн материалдарын басып чыгарууну жана зарыл болгон санда көбөйтүүнү. ~~Комиссиянын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн кызматтык иш сапарларына байланышкан чыгымдар тартылган министрликтердин (ведомстволордун) тиешелүү жылга бекитилген бюджеттеринин чегинде жүзөгө ашырылат.~~	- техникалык эсептөөлөрдүн, лабораториялык изилдөөлөрдүн, сыноолордун жана башка эксперттик иштердин жүргүзүлүшүн, ошондой эле ушул максаттарда эксперт адистердин тартылышын; - окуя болгон жерди жана жабыркаган объекттерди фотосүрөткө тартууну (видеого жаздырууну), окуя болгон жердин пландарын, эскиздерин жана схемаларын түзүүнү; - териштирүү жүргүзүү үчүн зарыл болгон транспортту, кызматтык жайды, байланыш каражаттарын, ошондой эле атайын кийимдерди жана жеке коргонуу каражаттарын берүүнү; - атайын териштирүүнүн материалдарын басып чыгарууну жана зарыл болгон санда көбөйтүүнү. **- комиссиянын мүчөлөрүнүн жана териштирүүгө тартылган эксперттердин кызматтык иш сапарларына байланышкан чыгымдар.**
33. Атайын териштирүү боюнча комиссиянын мүчөлөрү жабырлануучулар же алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен жолугушат, ~~жеринде~~ материалдык жардам көрсөтүү маселелерин чечишет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын укуктарын түшүндүрүшөт.	33. Атайын териштирүү боюнча комиссиянын мүчөлөрү жабырлануучулар же алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен жолугушат, материалдык жардам көрсөтүү маселелерин чечишет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын укуктарын түшүндүрүшөт.
34. Техникалык жактан жол-жоболоштуруу атайын териштирүү актысын, Н-1 формасындагы актыны жана териштирүүнүн материалдарын тариздөө жумуш берүүчүгө, ал эми аларды жөнөтүү комиссиянын төрагасына жүктөлөт. Комиссиянын төрагасы териштирүү аяктагандан кийин беш күндүк мөөнөттө аларды төмөнкүлөргө жөнөтөт: - окуя болгон жердеги прокуратурага; **-** ~~жалдоочуга;~~ - Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жана жогору турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына;	34. Техникалык жактан тариздөө атайын иликтөөнүн актысын, Н-1 формасындагы актыны жана иликтөөнүн материалдарын **иш берүүчүгө** жүктөлөт, ал эми аларды жөнөтүү комиссиянын төрагасына жүктөлөт. Комиссиянын төрагасы иликтөө аяктагандан кийин беш күндүк мөөнөттө документтерди төмөнкүлөргө жөнөтөт: - окуя болгон жердеги прокуратура органына **(материалдардын көчүрмөлөрүн);** - **иш берүүчүгө (документтердин түп нускаларын**); - Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышына көзөмөлдүк жана контролдук жүргүзүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жана жогору турган органына **(материалдардын көчүрмөлөрүн);**

- уюмга карата жогору турган органга (атайын териштирүү актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн); - кесиптик бирликтердин аймактык бирикмесине же кесиптик бирликтердин эмгек боюнча техникалык инспекциясына (атайын териштирүү актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн); - жабырлануучуга же каза болгон адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнө (атайын териштирүү актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн).	- уюмга карата жогору турган органга (атайын иликтөөнүн актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн); - кесиптик бирликтердин аймактык бирикмесине же кесиптик бирликтердин эмгек боюнча техникалык инспекциясына (атайын иликтөөнүн актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн); - жабырлануучуга же каза болгон адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнө (атайын иликтөөнүн актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн); - **Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органдарына (атайын иликтөөнүн актысынын жана Н-1 формасындагы актынын көчүрмөлөрүн).**
35. ~~Жалдоочу~~ өндүрүштөгү кырсыкты атайын териштирүүнүн материалдарын карап чыгып, мындай кырсыктардын алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө, жабыр тарткан адамдарга же багуучусунан айрылгандыгына байланыштуу зыяндын ордун толтурууга укуктуу адамдарга келтирилген зыяндын ордун толтуруу маселелерин чечүүгө милдеттүү.	35. **Иш берүүчү** өндүрүштөгү кырсыкты атайын териштирүүнүн материалдарын карап чыгып, мындай кырсыктардын алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө, жабыр тарткан адамдарга же багуучусунан айрылгандыгына байланыштуу зыяндын ордун толтурууга укуктуу адамдарга келтирилген зыяндын ордун толтуруу маселелерин чечүүгө милдеттүү.
36. Жабырлануучунун убактылуу эмгекке жарамсыздыгы аяктагандан кийин ~~жалдоочу~~ Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, кесиптик бирликтердин эмгекти техникалык инспекциясына, ал эми тиешелүү учурларда мамлекеттик көзөмөл органына өндүрүштөгү кырсыктын кесепеттери жөнүндө билдирүүнү, ошондой эле кырсыктардын алдын алуу максатында аткарылган иш-чаралар жөнүндө маалыматты жөнөтүүгө милдеттүү (7-тиркеме).	36. **Иш берүүчүнүн** убактылуу эмгекке жарамсыздыгы аяктагандан кийин жалдоочу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, кесиптик бирликтердин эмгекти техникалык инспекциясына, ал эми тиешелүү учурларда мамлекеттик көзөмөл органына өндүрүштөгү кырсыктын кесепеттери жөнүндө билдирүүнү, ошондой эле кырсыктардын алдын алуу максатында аткарылган иш-чаралар жөнүндө маалыматты жөнөтүүгө милдеттүү (7-тиркеме).
37. Өндүрүштө убакыттын өтүшү менен оор категорияга өткөн же өлүм менен аяктаган кырсыктар жөнүндө ~~жалдоочу~~ эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык	37. Өндүрүштө убакыттын өтүшү менен оор категорияга өткөн же өлүм менен аяктаган кырсыктар жөнүндө **иш берүүчү** эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык

бөлүмүнө (өлүм менен аяктаган учурда – көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү жогору турган мамлекеттик органга), тиешелүү кесиптик бирлик органына (же кесиптик бирликтердин эмгек боюнча техникалык инспекциясына) билдирүүгө милдеттүү.	бөлүмүнө (өлүм менен аяктаган учурда – көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү жогору турган мамлекеттик органга), тиешелүү кесиптик бирлик органына (же кесиптик бирликтердин эмгек боюнча техникалык инспекциясына) билдирүүгө милдеттүү.
38. Мамлекеттик эмгек инспектору (мамлекеттик көзөмөл органынын инспектору, кесиптик бирликтин эмгекти коргоо боюнча техникалык инспектору) өндүрүштөгү жашырылган кырсыкты аныктаганда, жабырлануучудан же анын ишенимдүү өкүлүнөн, же каза болгон адамдын туугандарынан даттануу келип түшкөндө, анын катышуусуз жүргүзүлгөн териштирүүнүн комиссиясынын корутундулары менен макул болбогондо, ушул Жобонун 36-пунктунда көрсөтүлгөн маалымат келип түшкөндө, ошондой эле башка жүйөлүү себептер боюнча өндүрүштөгү кырсыкты анын келип чыккан күнүнөн тартып эскирүү мөөнөтүнө карабастан өз алдынча териштирет. Териштирүүнүн жыйынтыгы боюнча мамлекеттик эмгек инспектору (мамлекеттик көзөмөл органынын инспектору, кесиптик бирликтин эмгекти коргоо боюнча техникалык инспектору) корутунду (8-тиркеме) түзөт, ~~ал жалдоочу~~ тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш. Мамлекеттик эмгек инспектору (мамлекеттик көзөмөл органынын инспектору, кесиптик бирликтин техникалык эмгек инспектору) колдо болгон акт мыйзам бузуулар менен таризделген же өндүрүштөгү кырсыкты териштирүүнүн материалдарына ылайык келбеген учурда, ~~жалдоочудан~~ Н-1 формасы боюнча акт түзүүнү талап кылууга укуктуу.	38. Мамлекеттик эмгек инспектору (мамлекеттик көзөмөл органынын инспектору, кесиптик бирликтин эмгекти коргоо боюнча техникалык инспектору) өндүрүштөгү жашырылган кырсыкты аныктаганда, жабырлануучудан же анын ишенимдүү өкүлүнөн, же каза болгон адамдын туугандарынан даттануу келип түшкөндө, анын катышуусуз жүргүзүлгөн териштирүүнүн комиссиясынын корутундулары менен макул болбогондо, ушул Жобонун 36-пунктунда көрсөтүлгөн маалымат келип түшкөндө, ошондой эле башка жүйөлүү себептер боюнча өндүрүштөгү кырсыкты анын келип чыккан күнүнөн тартып эскирүү мөөнөтүнө карабастан өз алдынча териштирет. Териштирүүнүн жыйынтыгы боюнча мамлекеттик эмгек инспектору (мамлекеттик көзөмөл органынын инспектору, кесиптик бирликтин эмгекти коргоо боюнча техникалык инспектору) корутунду (8-тиркеме) түзөт, ал **иш берүүчү** тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш. Мамлекеттик эмгек инспектору (мамлекеттик көзөмөл органынын инспектору, кесиптик бирликтин техникалык эмгек инспектору) колдо болгон акт мыйзам бузуулар менен таризделген же өндүрүштөгү кырсыкты териштирүүнүн материалдарына ылайык келбеген учурда, **иш берүүчүдөн** Н-1 формасы боюнча акт түзүүнү талап кылууга укуктуу.
39. Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү, тариздөө, эсепке алуу жана квалификациялоо маселелери боюнча келип чыккан пикир келишпестиктер, кырсыктын фактысын жана анын өндүрүш менен байланышын ~~жалдоочу~~ тарабынан тааныбоо, аны териштирүүдөн жана Н-1 формасындагы актыны түзүүдөн баш тартуу, жабырлануучунун же анын ишенимдүү өкүлүнүн аталган актынын мазмунуна макул болбоосу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык	39. Өндүрүштөгү кырсыктарды териштирүү, тариздөө, эсепке алуу жана квалификациялоо маселелери боюнча келип чыккан пикир келишпестиктер, кырсыктын фактысын жана анын өндүрүш менен байланышын **иш берүүчү** тарабынан тааныбоо, аны териштирүүдөн жана Н-1 формасындагы актыны түзүүдөн баш тартуу, жабырлануучунун же анын ишенимдүү өкүлүнүн аталган актынын мазмунуна макул болбоосу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык

бөлүмдөрү, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү жогору турган мамлекеттик орган же сот тарабынан каралат. Мындай учурларда даттануунун берилиши ~~жалдоочунун~~ мамлекеттик эмгек инспекторунун чечимдерин аткарбоосу үчүн негиз болуп саналбайт.	бөлүмдөрү, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү жогору турган мамлекеттик орган же сот тарабынан каралат. Мындай учурларда даттануунун берилиши **иш берүүчүнүн** мамлекеттик эмгек инспекторунун чечимдерин аткарбоосу үчүн негиз болуп саналбайт. **Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик органга же сотко даттануу берүү мөөнөтү атайын териштирүүнүн актысын, корутундусун алган күндөн тартып 3 жылды түзөт.**

Министр **А.К.Имангазиев**